Амир Темур атындагы жалпы билим берүү мектеби

Тарбиялык сабактын иштелмеси

Тема: “Баалуулуктар жана компетенттүүлүктөр — ийгиликтин ачкычы”

Максаты:

Окуучуларга улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүндүрүү, компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү аркылуу тарбиялык иш-чараларга активдүү катышууга үйрөтүү.

Сабактын милдеттери:

Билим берүүчүлүк:

Баалуулук түшүнүгүн ачып берүү;

Компетенттүүлүктөрдүн түрлөрү менен тааныштыруу.

Өнүктүрүүчүлүк:

Ой жүгүртүү, пикир айтууну өнүктүрүү;

Командада иштөө жөндөмүн калыптандыруу.

Тарбиялык:

Ата-энени урматтоого, мекенчилдикке, жоопкерчиликке жана адептүүлүккө тарбиялоо.

Сабактын жүрүшү

I. Уюштуруу бөлүгү

Саламдашуу, окуучулардын маанайын көтөрүү, топторго бөлүү.

II. Киришүү бөлүгү

Мугалимдин суроосу:

Баалуулук деген эмне? Адамга кандай сапаттар керек? Компетенттүү адам кандай болот?

Окуучулардын жооптору угулат.

1-Окуучу: Баалуулук- бул адам үчүн маанилүү болгон, анын жашоосун, жүрүм- турумун жана чечимдерин багыттаган принциптер, ишенимдер жана сапаттар.

2-Окуучу: Адамга чынчылдик, жоопкерчилик, эмгекчелдик, боорукерлик, сабырдуулук, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк, тартиптүүлүк, билимге умтулуу сапаттар адамдын жакшы инсан болуп калыптанышына жардам берет.

3-Окуучу: Компетенттүү адам- бул өз ишин жакшы билген, алган билимин жана көндөмдөрүн турмушта туура колдоно алган адам .

III. Негизги бөлүк

1-тапшырма: “Баалуулуктар дарагы”

Тактага даректын сүрөтү илинет.

Окуучулар жалбыректарга төмөнкү баалуулуктарды жазышат:



Жыйынтык:

Баалуулуктар адамдын ички дүйнөсүн кооздойт.

2-тапшырма: “Компетенттүү окуучу”

Топторго тапшырма берилет.

1-топ: Маалыматтык компетенттүүлүк

2-топ: Коммуникативдик компетенттүүлүк

3-топ: Социалдык компетенттүүлүк

Ар бир топ мисал менен түшүндүрөт.

IV. Талкуу

1-топ.Окуучу интернеттен маалымат издеп, анын тууралыгын текшерип,керектүүсүн тандап алып, доклад же презентация даярдаса- бул маалыматтык компетенттүүлүктүн көрүнүшү болуп саналат.

2-топ. Окуучу сабакта өз оюн эркин айтып, классташтары менен кызматташып, мугалимдин суроолоруна жооп берип. Топтук иштерге активдүү катышса, анда ал коммуникативдик компетенттүүлүктү көрсөтөт.

3-топ. Окуучу классташтары менен ынтымакта болуп,мектеп иш-чараларына активдүү катышып, жардамга муктаж адамдарга колдоо көрсөтсө, бул анын социалдык компетенттүүлүгүнүн көрсөткүчү болуп саналат.

IV. Талкуу

Суроо:

“Тарбия ишинде баалуулуктарды кантип колдонсо болот?”

Окуучулар төмөнкүдөй жоопторду айтышат:

Ачык тарбиялык сааттар, ыктыярчылык иштер, маданий иш-чаралар, спорттук мелдештер, ата-энелер менен жолугушуу, баалуулуктарды иш-чараларга киргизүү жолдору, ар бир иш-чарада тарбиялык максат коюу, улуттук каада-салттарды колдонуу, ролдук оюндарды уюштуруу, топтук иштер аркылуу кызматташтыкты өнүктүрүү, “Жакшы сөз”, “Жакшы иш” акцияларын өткөрүү.

Компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү жолдору: коммуникативдик, дебат, сахналаштыруу,талкуу уюштуруу.

Социалдык: Топтук иштер, коомдук иштерге катышуу.

Маалыматтык: Презентация даярдоо, Интернет булактарын колдонуу.

V. Жыйынтыктоо

“Мен бүгүн эмнени үйрөндүм?”

Окуучулар кыскача пикирлерин айтышат.

--- Мен баалуулук адамдын жашоосундагы маанилүү принциптер жана сапаттар экенин түшүндүм. Компетенттүү адам өз билимин,көндөмдөрүн жана тажрыйбасын турмушта туура колдоно аларын билдим.

Баалоо

Активдүүлүк;

Топто иштөө;

Пикир айтуусу боюнча бааланат.

Үй тапшырмасы

“Менин жашоомдогу эң маанилүү баалуулук” темасында чакан эссе жазуу.

Мектеп директорунун тарбиялык

иштер боюнча орун басары: **Р.Б.Юлдашева**